**К.Курманалиев атындагы "Полиграфия" кафедрасынын 31.03.2022-жылдагы "Тармактык кеңешинин" отуруму**

**Протокол №5**

Катышкандар:

1.Фадин И. Н.- «Аркус» басмаканасынын ген.директору
2. Төрөкулов К. Э. - "Полиграфбумресурсы" ЖЧКнын ген.директору
3. Султанов Б. М.- "Принт Экспресс" ЖЧКнын ген.директору
4. Курманалиев Б. К.- К.Курманалиев ат. "Полиграфия" кафедрасынын улук окутуучусу
5. Кучкачова Ж. З.- "Калем" басма үйүнүн директору
6. Кенекеев Д.А.- "Учкун" ААКнун ген.директору
7. Султанов М.Т.- "Имак офсет" ААКнун ген.директору
8. Курбанова Ч. О.- КРнын ББжИМнин "Окуу китеби" мекемесинин директору
9. Аматов Т.А.- КРнын ББжИМнин "Жаңы китеп" мекемесинин директору
10. Дыканалиев Калыбек Мукашевич- И.Раззакова ат. КМТУнун окуу бөлүмүнүн начальник
11. Жолдошов М.К.- УжМК факультетинин деканынын орун басары
12. Джумагулов С.Дж.- илимдин кандидаты жана К.Курманалиева ат. "Полиграфия" кафедрасынын профессору
13.Орускулов Т.Р.- илимдин кандидаты, К.Курманалиева ат. "Полиграфия" кафедрасынын профессору "Билим компьютер" басмаканасынын директору
14. Садыкова Э.А.- К.Курманалиева ат. "Полиграфия" кафедрасынын доценти
15. Айманбаева Д.К.- К.Курманалиева ат. "Полиграфия" кафедрасынын доценти
16. Байгазиев М.С.- илимдин кандидаты, К.Курманалиева ат. "Полиграфия" кафедрасынын доценти
17. Турдукулова А.К.- К.Курманалиев ат. "Полиграфия" кафедрасынын улук окутуучусу
18.Качаганова Г.Д. - К.Курманалиев ат. "Полиграфия" кафедрасынын окутуучусу
19.Садыкова А.Д.- К.Курманалиев ат. "Полиграфия" кафедрасынын окутуучусу

**Күн тартиби:**

1.Өндүрүштүн өкүлдөрү менен корпоративдик жогорку билим берүү (ЖЖБ) системасын талкуулоо
2. Бакалаврлардын жана магистрлардын ОИП боюнча окутулуучу предметтердин тизмесин макулдашуу

Scanned with CamScanner

**Сүйлөгөндөр:**

1. Садыкова Э.А. – "Тармактык кеңештин" максаты:

- Өндүрүштүн өкүлдөрү менен корпоративдик жогорку билим берүү (ЖЖБ) системасын талкуулоо
- Бакалаврлардын жана магистрлардын ОИП боюнча окутулуучу предметтердин тизмесин макулдашуу.

Корпоративдик жогорку билим берүү системасы жөнүндө айтып берди.

2. Жолдошов М.К.-Кош билим берүү системасын киргизип жатабыз. «Полиграфия» кафедрасы да билим берүүнүн бул системасына өтүүнү жактайт. Себеби өндүрүш менен тыгыз байланышы бар. Сентябрь айынан баштап бул программага кабыл алууну баштайбыз. Эгерде биз бул программа боюнча алсак, анда жооптуу адамды дайындашыбыз керек.

3. Төрөкулов К.Э. – Полиграфисттер жумуш ордунда сабак өтүшү керек. Биз төлөйбүз.

4. Фадин И.Н. – Совет доорунда жеңилирээк болгон. Азыр баары кыйыныраак. Биз бөлүмдүн өнүгүшү үчүн, макулдашып, так план түзүшүбүз керек.

5. Бугаев И.И. – Студенттерди келишим менен ишке алдык дейли, бирок алар биздин иш шартыбызга канааттанбасачы ж.б.у.с. Ошондуктан биз бардык процесстерди так талкуулап, чечишибиз керек деп ойлойм. Биз албетте сиздерди колдойбуз. Сиздердин бүтүрүүчүлөр биз менен иштешип жатат. Абдан жөндөмдүү, акылдуу балдар.

6. Жолдошов М.К. – Бул система эки тарапка тең пайдалуу. Өндүрүшкө жумушчу күч, студенттерге практика болот.

7. Аматов Т.А. – Абдан пайдалуу программа. Бул ыкма жакшы кадр тандоого мүмкүндүк берет. Келишимди төлөө механизмин ойлонуштуруп, отчетторду онлайн кабыл алсак деле болот.

8. Курбанова Ч.О. – Азыр техникалык редакторлорго суроо-талап чоң. Курстук жана жыйынтыктоочу квалификациялык иштердин темалары өндүрүш менен макулдашылышы мүмкүн.

9. Джумагулов С.Дж. - Биздин студенттерди жана окутуучуларды колдоп коюңуздар. Студенттер менен О.Ч.Курбанованын жолугушуусун уюштуруу жана полиграфия тармагында адистерге суроо-талап чоң экенин студенттерге түшүндүрүү.

10. Айманбаева Д.К. - Билим берүү системасы абдан жакшы, бирок педагогикалык кадрлардын жүгүн эске алуу керек.

11. Садыкова Э.А. – ОИПди (РУП) иштеп чыгууда профессордук-окутуучулук курамдын иш жүгүн эске алуу жана предметтерди өндүрүштүн өкүлдөрү менен макулдашуу зарыл.

Scanned with CamScanner

12. Орускулов Т.Р. – Өндүрүштө кандай жумуш орундары керек экенин аныктоо. Өндүрүштөр бири-биринен айырмаланышат. Ошондуктан функционалдык милдеттерин так сыпаттап көрсөтүү зарыл.

13. Бугаев И.И. Биз студенттерди жумушка тартууга кызыкдарбыз. Анткени бул бөлүмдүн бүтүрүүчүлөрү бизде иштеп жатышат. Ушундай жөндөмдүү окуучуларды окуткан мугалимдерге ыраазымын. Силер биздин ишкананын кадрдык жетишпестигин жоюуга жардам бердиңер.

14. Курманалиев Б.К. - Мен бул процессти колдойм. ИЦ "Техник" иштеп турганда студенттер күн сайын жок дегенде полиграфиялык иштердин процессин көрүшчү. Бул бөлүмгө сөзсүз түрдө лаборатория, ошондой эле өндүрүш менен тыгыз байланыш керек. Анткени баарыбызга белгилүү болгондой, теория практикадан айырмаланат.

15. Садыкова Э.А. – Ооба, студенттерге сөзсүз практика керек. График боюнча экскурсияларды уюштуруп жатабыз, бирок бул өтө аз. жакшы иш механизмин иштеп чыгуу үчүн биргелешип иштеп чыга алабыз- деп ойлойм.

16. Билим берүү министрлиги биздин билим берүү системасын карап жатат. Буйруса, билим берүү системасында өзгөрүүлөр болот.

17. Турдукулова А.К. - Ишканаларга тапшырууда бүтүрүүчүлөрдүн карьералык өсүүсү тууралуу суроо көп жаралат. Силердин пикириңер кандай.

18. Курманалиев Б.К. - Учурда бардык полиграфия ишканалары жеке менчик болгондуктан, кызматкерлердин карьералык өсүүсүнө кызыкдар эмес. Анткени, негизинен жеке ишканаларда административдик кызматты алардын жакындары же тааныштары ээлейт. Эгерде келечекте мамлекеттик полиграфиялык өндүрүштөр иштей турган болсо, анда сөзсүз түрдө ар бир кызматкердин карьералык өсүүсүнө кызыкдар болот.

Алдыда коюлган тапшырмаларды талкуулоодон кийин төмөнкүдөй чечимдер кабыл алынды:

1. ОИПди иштеп чыгууда корпоративдик билим берүү системасы үчүн өндүрүш менен макулдашуу.
2. Бардык иштин механизмин так ойлонуу.
3. Бул процедуралардын баарын карап чыгуу үчүн топ түзүү.
4. Өндүрүштүн аймагындагы ишканаларда практикалык окуу учун шарттарды тузушсун.

Төрага: Султанов Б.М.

Катчы: Турдукулова А.К.

Scanned with CamScanner